## 2016-жылдын январь-май айларындагы акча-кредит көрсөткүчтөрүнүн динамикасы

### Банктар аралык кредит рыногу

2016-жылдын башталышында банктар аралык кредит рыногунда чен белгиленген пайыздык коридордун жогорку чегине жакын түптөлгөн. Отчеттук жылдын январь айында репо операциялары боюнча орточо алынган пайыздык чен 9,96 пайызды түзгөн. Ал эми ушул эле жылдын май айында пайыздык коридордун төмөнкү чегине жакындоо менен 1,52 пайыз деңгээлинде түптөлгөн. Банктар аралык кредит рыногунда пайыздык чендердин төмөндөө динамикасы Улуттук банктын эсептик чининин төмөндөөсүнө, ошондой эле банк тутумунда жогорку деңгээлдеги үстөк ликвиддүүлүктүн болушу алкагында рынок катышуучуларынын жигердүүлүгүнүн басаңдашына шартталган. 2016-жылдын январь-май айларында бүтүмдөрдүн суммардык көлөмү 4,4 млрд сомду түзгөн, бул 2015-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнөн 80,0 пайызга за, анын ичинде май айында 668,5 млн сомго бүтүм келишилген.

### Акча базасынын өзгөрүшү

2016-жылдын январь-май айларында арылтуу операциялары жүргүзүлгөнгөн чейин үстөк камдардын орточо күндүк көлөмү 8,8 млрд сомду (арылткандан кийин - 1,1 млрд сом) түзгөн, бул 2015-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнөн 3,2 эсеге көп. Май айынын акырына карата арылтууга чейин үстөк ликвиддүүктүн көлөмү 12,6 млрд сом (арылтуудан кийин – 2,8 млрд сом) деңгээлинде түптөлгөн.

Үстөк ликвиддүүлүктүн жогорку деңгээлде экендигин эске алуу менен Улуттук банк жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталарды сатуу операцияларын жана депозиттик операцияларды жүргүзгөн.

Бүтүндөй алганда отчеттук жылдын январь-май айларында Улуттук банктын 7 күндүк ноталарды сатуунун жалпы көлөмү 41,3 млрд сомду (2015-жылдын январь-майында– 24,3 млрд сомду) түзгөн. Суроо-талаптын жогорку деңгээлде сакталып турушунан улам, 7 күндүк ноталар боюнча кирешелүүлүк май айынын акырында 0,77 пайыз түзүү менен төмөндөгөн. Мындан тышкары кароого алынып жаткан мезгил ичинде коммерциялык банктар тарабынан Улуттук банктагы “овернайт” депозиттерине жайгаштырылган каражаттардын көлөмү көбөйгөн. 2016-жылдын январь-май айларында “овернайт” депозиттеринде жайгаштырылган каражаттардын дүң көлөмү 562,7 млрд сомду, анын ичинде май айында – 149,3 млрд сомду (2015-жылдын январь айында 96,1 млрд сомду) түзгөн. Ошентип, арылтылган операциялардын орточо күндүк көлөмү (Улуттук банктын ноталары жана “овернайт” депозиттери) 7,7 млрд сом (2015-жылдын январь-майында – 2,1 млрд сом) чегинде катталган.

Жергиликтүү экономиканын өсүш арымынын басаңдашынын алкагында экономиканын реалдуу секторун демилгелөө чаралары катары 2016-жылдын январь-май айларында Улуттук банк тарабынан төмөнкүдөй операциялар жүргүзүлгөн:

- ипотекалык кредиттерди чет өлкө валютасынан улуттук валютага конвертациялоо программасынын алкагында коммерциялык банктарга 1,9 млрд сом көлөмүндө кредиттер берилген;
- өлкө региондорунда айыл чарбаны жана кайра иштетүүнү мындан ары да каржылоо максаттары үчүн коммерциялык банктарга кредиттик аукциондордун алкагында 1,1 млрд сом сунушталган;
- Евразия экономикалык бирлигинин алкагында Кыргыз Республикасы тарабынан башка мамлекеттер менен биргеликте түзүлгөн эл аралык уюмдарга кредиттердин көлөмү 350,0 млн сомду (жалпысынан 1 550,0 млн сомов) түзгөн;
- ички рынокто 304,8 млн сомго алтын сатылып алынган.

Банктарды кыска мөөнөттүү сом ликвиддүүлүгү менен камсыз кылуу максатында отчеттук жылдын январь-май айларында Улуттук банк тарабынан 2,0 млрд сом өлчөмүндө «овернайт» кредити берилген.

Мындан тышкары акча базасынын көбөйүүсүнө банктар аралык валюта рыногунда чет өлкө валютасын таза сатып алуу таасирин тийгизген, ал сомдук эквивалентинде мезгил ичинде 899,8 млн сомду түзгөн.

Жалпысынан алганда Улуттук банктын операциялары акча базасын 243,6 млн сомго азайтса, Өкмөттүн операциялары аны 5,1 млрд. сомго көбөйткөн.

2016-жылдын май айынын акырына карата абал боюнча акча базасы жыл башынан тартып 7,3 пайызга көбөйүү менен 71,9 млрд сомду түзгөн (2015-жылдын январь-май айдарында 3,9 пайызга кыскарган). Жылдык мааниде акча базасы 16,1 пайызга өскөн.

Ички валюта рыногунда АКШ долларынын сомго карата расмий курсунун төмөндөө тенденциясы байкалган. 2016-жылдын январь-май айларында алмашуу курсу 10,0 пайызга – 1 АКШ доллары үчүн 75,8993 сомдон 68,2986 сомго чейин (2015-жылдын январь-май айларында төмөндөө 1,3 пайыз чегинде катталган) төмөндөгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Улуттук банк чет өлкө валютасын сатып алуучу катары катышкан, чет өлкө валютасын нетто-сатып алуу 18,3 млн долларын түзгөн.

Улуттук банктын дүң эл аралык камдары 2016-жылдын январь-май айларында 184,0 млн АКШ долларына өскөн жана 2,0 млрд АКШ долларын түзгөн. Мында Улуттук банктын таза эл аралык камдарынын 8,5 пайыздан 117,7 млрд сомго чейин көбөйүүсү, негизинен курстук айырмага, коммерциялык банктардын чет өлкө валютасында күрөөлүк камсыздоосуна; бюджетке жана башка келип түшүүлөргө байланыштуу болгон.

Акча базасынын калыптануу булактары боюнча анын көбөйүүсүнө (7,3 пайызга) таза чет өлкө активдердин (+0,2 п.п.) жана таза ички активдердин (+7,1 п.п.) өзгөрүүсү салым кошкон.

**Акча топтомдорунун өзгөрүүсү**

Отчеттук жылдын башталышынан тартып акча топтомдорунун өсүш арымы 2015-жылдын тиешелүү көрсөткүчтөрүнө салыштырганда тездеген. Бул динамикага улуттук валютадагы депозиттердин (+22,1 пайызга), 35,6 млрд сомго чейин (жылдык мааниде өсүш 34,3 пайызды түзгөн) көбөйүүсү олуттуу таасирин тийгизген. Буга ылайык, М2 [1] акча топтому кароого алынып жаткан мезгил ичинде 12,5 пайызга 92,5 млрд сомго чейин көбөйсө, жылдык мааниде өсүш 20,9 пайызды түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде М2Х акча топтому 2,0 пайызга 140,2 млрд сомго чейин (жылдык мааниде 15,8 пайызга, алмашуу курсунун өзгөрүүсүн эске албаганда – 10,2 пайызга өскөн) төмөндөгөн. Кеңири мааниде колдонулган акча массасынын булактары боюнча анын төмөндөөсүнө (2,0 пайызга) таза чет өлкө активдердин (-6,5 п.п.) жана таза ички активдердин өзгөрүүсү (+4,5 п.п.) салым кошкон.

Отчеттук мезгилде банк тутумунда чет өлкө валютасындагы депозиттердин көлөмүнүн төмөндөөсү (-21,7 пайыз) М2Х кеңири маанидеги акча массасынын динамикасына токтотуучу таасирин тийгизген.

Валюта депозиттеринин төмөндөөсү башка депозиттик корпорациялардын М2Х кеңири маанидеги акча массасына камтылган депозиттердин жалпы көлөмүнүн өзгөрүүсүнө таасирин тийгизген, ал отчеттук жылдын май айынын акырына карата 7,5 пайызга төмөндөө менен 83,3 млрд сомду түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде банк тутумунда экономикага кредиттин [2] 2016-жылдын январындагы 17,2 пайыздан ушул эле жылдын май айында 4,6 пайызга чейин төмөндөөсү

[1] Өкмөттүн жана резидент эместердин депозиттерин эске албаганда, жеке адамдардын, юридикалык жактардын жана финансы-кредит мекемелердин банктардан тышкаркы нак акчаларын жана депозиттерин камтыйт.
[2] Өкмөттүн жана резидент эместердин кредиттерин эске албаганда, жеке адамдардын, юридикалык жактардын жана финансы-кредит мекемелеринин кредиттери

уланган. Май айынын акырына карата экономикага кредит жыл башынан тартып 4,0 пайызга төмөндөө менен (2015-жылдын январь-май айында өсүш арым 7,5 пайызды түзгөн) 92,4 млрд сом чегинде катталган. Алмашуу курсунун таасирин эске албаганда, экономикага кредиттин жалпы көлөмү жыл башынан тартып 2,3 пайызга (2015-жылдын январь-май айларында 8,1 пайызга) көбөйгөн.

Жылдык мааниде чет өлкө валютасындагы кредиттердин 7,5 пайызга төмөндөөсү экономикага кредиттин өсүш арымынын басаңдоосуна олуттуу таасирин тийгизген (отчеттук жылдын январында жылдык өсүш 13,7 пайызды түзгөн). Улуттук валютадагы кредиттердин жылдык өсүш арымы январь айындагы 21,4 пайыздан май айында 16,7 пайызга чейин басаңдаган.

Отчеттук мезгил ичинде экономиканы доллардан арылтуу боюнча ишке ашырылган чаралардын натыйжасында кредиттерди жана депозиттерди долларлаштыруу деңгээлинин төмөндөө тенденциясы уланууда. Кредиттерди долларлаштыруу 2016-жылдын май айында 44,1 пайыз (жыл башынан тартып -9,6 п.п.), М2Хке камтылган депозиттерди долларлаштыруу 57,3 пайыз (жыл башынан тартып -10,4 п.п.) чегинде катталган.

2016-жылдын май айынын акырына карата экономиканы монеттештирүү көрсөткүчүнүн өсүш тенденциясы белгиленген, бул анын акча ликвиддүүлүгү менен каныккандыгынын деңгээлин чагылдырып турат. М2Х акча топтому боюнча эсептелген монеттештирүү коэффициенти 32,0 пайызды, М2 акча топтому боюнча – 19,4 пайызды (2015-жылдын май айына карата абал боюнча, тиешелүүлүгүнө жараша – 29,3 жана 19,6 пайыз) түзгөн.

Отчеттук жылдын май айынын акырына карата М2Х боюнча акча жүгүртүү тездиги 3,1 түзгөн. Кеңири маанидеги М2Х [3] акча топтомунун мультипликатору 1,949; М2 мультипликатору – 1,286 чегинде катталган.

## Нак акчалардын жүгүртүлүшү

Улуттук банктын кассасына 2015-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 99,6 млн сомго же 0,4 пайызга азаюу менен кароого алынып жаткан мезгил ичинде 24,6 млрд сом келип түшкөн. Берүү 28,4 млн сомду түзүү менен 3,8 млрд сомго же 13,2 пайызга көбөйгөн.

Коммерциялык банктардын кассаларына 2016-жылдын январь-май айларында өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 43,0 млн сомго же 11,3 пайызга азаюу менен 336,0 млн сом келип түшкөн. Берүү 378,6 млн сомду түзүү менен 42,6 млн сомго же 12,7 пайызга көбөйгөн.

Төлөм системасында отчеттук жылдын май айында системада финансылык тобокелдик деңгээли минималдуу чекте сакталып турган. Жүгүртүү коэффициенти 1,24; ликвиддүүлүк коэффициенти– 0,81 түзгөн.

[3] Бул көрсөткүч финансылык ортомчулук деңгээлин мүнөздөйт.